КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы**

**ТОКТОМ № 105**

Орозбеков айылы — 2023-жылдын 01-февралы

**Орозбеков айылынын Больничная жана Тешеев көчөлөрүн оңдоп-түзөөдөн өткөрүү жөнүндө**

Орозбеков айылдык кеңешинин депутаты А.Имарбековдун Орозбеков айылындагы С.Тешеев мектебине баруучу Больничная жана Тешеев көчөлөрүн оңдоп-түзөөдөн өткөрүү боюнча сунушун угуп жана талкуулап, окуучулар арасында жол коопсуздугун сактоо максатында Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айылынын Больничная жана Тешеев көчөлөрүн оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн бюджеттен акча каражатын ажыратып берүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы- экономикалык бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу З.Максутовго жүктөлсүн.

2. Ушул токтомдун негизинде оңдоп-түзөө иштерин аткаруу жагы Орозбеков айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Орозбеков айылдык кеңешинин төрагасы:** **О.Ибрагимов**